Ош облустук коомдук-саясый гезити

# Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№2 [16960] БЕЙШЕМБИ, 30/01/2025

## ТҮНДҮК-ТҮШТҮК АЛЬТЕРНАТИВАЛЫК ЖОЛУ ЖАЗДА АЧЫЛАТ



3-бетте

## ӨСҮП-ӨНҮГҮҮ СЕЗИЛИП ЖАТАТ



5-бетте

## Өткөн жыл ийгиликтүү жыйынтыкталды



4-бетте

## КАРМЫШАК ТАШБАЕВДИН 90 ЖЫЛДЫГЫ БЕЛГИЛЕНДИ



3-бетте

## Карыларга - камкордук, алсыздарга - колдоо көрсөтүлүүдө



6-бетте

Ош облустук коомдук-саясий гезити
Ош жаңырыгы

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

**Башкы редактор:**
КАРАКОЗУЕВ
Асанбек Курманбекович

**Жооптуу катчы:**
Канымжан
Кыдыралиева

**Нөөмөтчү**
М.Жуманазаров

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

**Буюртма №: 110**
**Нускасы: 1900**

**Реквизиттер:**
Р/эсеп: 4407011102006594
Бик: 440701, КР ФМ Борбордук казынасы
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371, Ош шаары МСКБ 032

**Дареги:** 723500, Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

**Байланыш:**
Кабылдама: **7–13–34**
Жооптуу катчы: **7–10–02**
Жарнак бөлүмү: **7–11–31**
E-mail: **oshjan@mail.ru**

Гезитибиздин сайтына жогорудагы QR-код аркылуу кириңиз.

Гезитибиздин келе жаткан жаңы сандарына жазылууга жана жарнама кызматы үчүн жогорудагы QR-кодду колдонуңуз.
Терең урматтоо менен,
"Ош жаңырыгы" гезитинин редакциясы!

# ОШ ОБЛУСУНДА ЖЕҢИЛ ЖҮК ТАШУУЧУ УНААЛАР ЧЫГАРЫЛА БАШТАДЫ



Ош облусунун Кара-Суу районунда жеңил жүк ташуучу автоунаалар жыйнала баштады. Аларды алдыда ички рынокко жана экспортко чыгаруу пландалууда. Завод сырткы инвесторлор тарабынан негизделип, азыркы учурда Кара-Суунун Ынтымак айылында мурдакы тамеки заводдун аймагында жайгашып, ишмердүүлүгүн жүргүзүп баштады.

Бүгүн, ишкананын ишмердүүлүгү менен Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Эльчибек Джантаев таанышып, инвестор менен баарлашып, көйгөйлөрүн сурады.

Өндүрүштүн жетекчиси Ян Бао Гуо азыр иш жүргүзүүгө тоскоолдуктар жок, баарына жергиликтүү бийлик жардам берип, иштин алга жылуусуна көмөк көрсөтүп жатканын айтты. Ошондой эле келечекте азыркы ишмердүүлүктү кеңейтип, кошумча электробус жана жеңил унааларды чогултуу үчүн атайын жер бөлүнүп, бирдиктүү ири завод куруу планы талкууланды.

Бүгүнкү күндө ишканада жеңил жүк ташуучу унаалар чогултулуп жатат. Тетиктер Кытайдан сатып алынат. Алдыда унаалардын тетиктерин сырттан сатып албай, өздөрү өндүрүп баштаарын маалымдашты.

Жеңил жүк ташуучу унаалардын техникалык мүнөздөмөлөрү: көлөмү 2.4, жүк көтөрүмдүүлүгү 1.5 тонна.

Завод толук ишке кирсе жылына 10000 (он миң) даана унаа чыгарууга кубаттуулугу жетет жана 200 жумуш орундары түзүлөт.

# КАРА-СУУДА БАЛДАР БАКЧАСЫ АЧЫЛДЫ



Кара-Суу районунун Тельман айылында 140 орундуу жаңы бала бакча пайдаланууга берилди.

Ачылыш аземге КР МинКаб Төрагасы Адылбек Касымалиев, Ош облусунун жетекчиси Эльчибек Джантаев жана жергиликтүү тургундар катышты.

Балдар бакчасын куруу 2023-жылы республикалык бюджеттин эсебинен башталган. Сметалык баасы 125 млн сомго жакын. Жаңы бакча эки кабаттуу, ичинде балдар үчүн бардык заман талабына жооп берген шарттар түзүлгөн. Сыртында оюн аянтчалар жана 4 даана көлөкө чатырлар жайгашкан.

# Саламаттыкты сактоо уюмдарынын ишмердүүлүгү



Жакында Ош шаарында КР Саламаттыкты сактоо министри Алымкадыр Савирдинович Бейшеналиевдин жана Ош шаары, Ош облусунун Саламаттыкты сактоо координатору Шаят Туланбаевичтин катышуусунда 2024-жыл ичинде Ош облусунун Саламаттыкты сактоо уюмдарынын аткарган ишмердүүлүгү боюнча жылдык коллегия өткөрүлдү. Жыйында Ош облусунун саламаттыкты сактоо тармагындагы орчундуу маселелер талкууланып, жылдык жыйынтыктар чыгарылды. Ошондой эле, кетирилген кемчиликтер, аткарылбай калган пландарды карап чыгуу менен тапшырмалар берилди. Пландалган иштердин баары сапаттуу аткарылса гана жыйынтык чыга тургандыгы баса белгиленди.

**К.Кыдыралиева.**

# Ленинграддын блокададан бошотулгандыгына - 81 жыл



Ошто Ленинграддын блокададан бошотулгандыгынын 81 жылдыгына карата салтанат болду. Иш-чарага Ош шаарынын мэриясынын, Орусиянын Ош шаарындагы Башкы консулдугунун, Ош шаарындагы Орус үйүнүн, Ооган согушунун ардагерлер кеңешинин, Кыргызстан элдеринин достугу ассамблеясынын жана башка коомдук уюмдардын өкүлдөрү ошондой эле мектеп окуучулары катышты.

Иш-чаранын алкагында "Өчпөс от" мемориалдык комплексине гүлчамбар коюлуп, «Блокада наны» акциясы уюштурулду.

Жалпысынан блокада учурунда Ленинграддан Кыргызстанга 16 миң адам эвакуацияланган, алардын 3 минден ашууну балдар болгон. Ленинград блокадасы 1941-жылдын 8-сентябрынан 1944-жылдын 27-январына чейин 872 күнгө созулган. Анын курмандыктарынын так саны белгисиз, ар кандай булактар боюнча 400 минден 1,5 миллионго чейин жетет.

**Г.Өсконбаева.**

# Түндүк-Түштүк альтернативалык жолу жазда ачылат

*Көпчүлүктү күттүргөн Түндүк-Түштүк альтернативдүү жолунун курулушу толук аяктап, пайдаланууга берилээрине аз калды. Тактап айтканда, жол ушул жылдын жаз айларында ачылат. Бул тууралуу КР Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Азия өнүктүрүү банкынын долбоорлорун ишке ашыруу тобунун инженер жолчусу Айбек Калмаматов билдирди. Курулушу 2014-жылы башталган Жалал-Абад-Казарман-Арал-Кочкор-Балыкчы жолу пайдаланууга берилсе, жүргүнчүлөр Ош шаары менен Балыкчынын ортосун 6 саатта басып өтүп калышат. Аталган жол тууралуу министрликтин өкүлү А.Калмаматов менен ат жалында кеп курдук.*



**-Айбек мырза, саламатсызбы? 453 чакырым болгон Түндүк-Түштүк альтернативалык жолу толук бүтүптүр. Анын ичинен эң колду кармаганы Көк-Арт ашуусундагы тоннел да бүттү деп атасыздар. Эми жол толук кандуу качан пайдаланууга берилет?**

-Саламатчылык. Буюрса, Транспорт жана коммуникациялар министрлиги тарабынан жолду толук ачуу 2025-жылдын жаз айлары деп пландалып жатат. Учурда долбоордо каралган бардык тилкелерде асфальттоо жумуштары толугу менен бүткөрүлдү. Эң узакка созулган иш – бул, тоннелди куруу иши болуп, бирок, 2024-жылдын аягы менен акыркы жумуштары аткарылды. Ичинде асфальттоо жумуштары, жарыктандыруу, вентиляция орнотуу жумуштары толугу менен бүткөрүлдү.

**-Бул жолдун курулушуна жалпысынан канча каражат сарпталды?**

-Жалпысынан ар кайсы донорлордон финансы каражаттары тартылган. Ага жалпысынан 887 млн. АКШ доллары коротулган. Долбоорду ЭксИмбанк, Ислам Өнүктүрүү банкы, Азия өнүктүрүү банктары каржыланган.





**-Азыр элдин кызыкканы – тоннель болуп турат. Анын узуну канча чакырым, туурасы канча, ал толук бүттүбү, кантип бүттү деген маселелерге токтоло өтсөңүз?**

-Тоннель – Көк-Арт ашуусунда жайгашкан. Анын узундугу 3 км. 900 метр болсо, туурасы 11 метрди түзөт. Ичинде эки оор жүк ташуучу автоунаалар кенен өтө турган болуп салынды. Анан бул тоннелге катарлаш авариялык дагы бир тоннель курулду. Жогоруда айткандай, былтыркы жылынын соңуна карата анын ичинде асфальт төшөө, жарыктандыруу вентиляцияларды орнотуу жумуштары толук бүткөрүлдү.

**-Бул жолду салууда капчыгайлардан 100 метрге чейин казылып түшүп салынган экен. Эми айрым жерлеринде таш кулап, айрым ыңгайсыздыктарды жараткан учурлар катталып атканы айтылып келет. Катаклизм маселесинин алдын алуу кандай чечилүүдө?**

-Бул долбоордун 100 км.ден ашуун жери жаңы курулуш болуп эсептелет. Ал жерлерде мурда таптакыр жол болгон эмес. Жол коктулардын ичинен жаңы салынган. Анан Казарман менен Жумгал районунун Арал айылына чейинки тилкеде тоо коктуларын жардырып, 100 метрге чейин ылдый кесип түшүргөн иштер аткарылган. Ал жерлерде инженердик ар кандай курулуштар жүрдү. Ошентип, долбоордо каралган жумуштардын баары бүткөрүлдү, бирок, таш түшкөн сыяктуу катаклизм маселеси боюнча биздин министрлик дагы деле мониторинг жүргүзүп жатат. Кайсы локалдык участкаларда климаттык шарттарга байланыштуу кандай катаклизмдер болсо, ошонун баарын алдын алып, анын үстүнөн иштер алып барылат. Бул иштер жол пайдаланууга берилгенден кийин дагы аткарыла берет.

**-Анда кошумча долбоор каралып, андай жерлерде көпүрө же трамплин сыяктуу атайын курулуштар курулабы?**

-Трамплин эмес, галерея, эстакадалык көпүрө курулушу мүмкүн. Мисалы, инженерлердин айтымдарында, түндүк-түштүк альтернативалуу жолунда уникалдуу болуп, Борбор Азияда эң чоң эстакадалык курулуш болуп биздин ушул жолдо курулбадыбы. Ал жерде билесиздер, эки эстакадалык көпүрө салынды. Биринин узундугу 1 км.ден ашыгыраак болсо, экинчиси 400 метрдей. Түркүктөрүнүн бийиктиги 40 метрге чейин жетет. Суунун нугунан 4 метр бийиктикте жайгашкан чоң көпүрө болуп калды.

**-Арал-Кочкор-Балыкчы жолу толук бүттүбү?**

-Ооба, ал тилкеде долбоордо каралган бүт бардык негизги жолдорду асфальттоо иштери толугу менен аягына чыкты. Бул иштер 2024-жылдын ноябрь айында толук бүттү. Эң акыркы участок болуп, Кочкор менен Жумгалды бириктирген Эпкин-Башкууганды жолу болчу. Ал Кыз-Арт ашуусу аркылуу өтөт. Ал жакта дагы толугу менен асфальттоо жумуштары бүткөрүлүп, керектүү жол чийиндери чийилип, жол белгилери орнотулду. Учурда Жумгал районунун Куйручук, Түгөл-Сай, Жумгал айылдарынын ичинде жолдорду жарыктандыруу иштери аткарылууда.

**-Бул жол 2014-жылы башталып, дээрлик 10 жылдан ашык убакыттан кийин гана пайдаланууга берилгени атпайбы. Эмнеге мынчалык колду кармады?**

-Эң биринчи себеби, тоннелдин бургулоо жумуштары өтө оор жүрдү. Бул жеңил жумуштардан эмес экен. Башкача айтканда, тоннелдин иши долбоордун эртерээк бүтүшүнө тоскоолдук жаратты.

**-Рахмат маегиңизге.**

**Маектешкен: А.Каракозуев.**

Урмат

# КАРМЫШАК ТАШБАЕВДИН 90 ЖЫЛДЫГЫ БЕЛГИЛЕНДИ



Калкыбызга таасын таанылган прозачы, акын, котормочу жана журналист Кармышак Ташбаевдин 90 жылдык маарекеси өзүнүн кичи мекени Кара-Кулжа районунун Ылай-Талаа айылындагы маданият сарайында жердештеринин, райондун коомчулугунун жана китепканачы, маданият кызматкерлеринин катышуусунда зор ынтаа менен белгиленди. Мында иш чара акындын өмүр жолуна, чыгармачылыгына сарасеп салынган пикирлер, көркөм окуулар акындын ырларына чыгарылган обондорду аткаруу сыяктуу мазмундуу көрүнүштөр менен коштолду. Жазуучу- акын Кармышак Ташбаев 1935-жылы 15- январда Кара-Кулжа районунун Шаркыратма кыштагында жарык дүйнөгө келген. Төрөлгөн айылындагы Шаркыратма атындагы жети жылдык мектепти аяктаган соң, ошол учурдагы Токтогул атындагы орто мектебин бүтүрүп, эмгек жолун чарбада иштөө менен баштаган. Кийин Советтик армиянын катарында кызмат кылууга чакырылган. Мекен алдындагы кызматын өтөп келгенден кийин геологиялык чалгындоо жумушунда бургулоочу, райондук гезитте жооптуу катчы кызматтарында иштеген. Ал акындык, жазуучулук чыгармачылыгын бекемдөө максатында ошол учурдагы Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика факультетине окууга тапшырып, аталган окуу жайды 1965-жылы ийгиликтүү аяктайт. Ошол учурдан тарта Ош облустук Ленин жолу газетасында адабий кызматкер, Кыргызстан пионери гезитинде аймактык кабарчы, Кыргызстан жазуучулар союзунун Ош облустук бөлүмүнүн башчысы болуп ардактуу эс алууга чыкканга чейин эмгек өтөгөн.



Акын, жазуучу катары өмүрүнүн акырына чейин чыгармачылык майдандан колун үзгөн эмес. Ал "Кыргыз- Тоолору", ""Мен көргөн жаздар", "Мезгил күүсү", ""Мезгил тулпар", "Канаттуу тоолор", "Аралыктар", "Жандуу топурак", '"Бийик жердин балдары" сыяктуу ондогон китептердин автору катары журтчулука таанылган.

Дыйкан акын, жазуучу мурастаган чыгармалары окурмандардын суймөнчүлүгүнө айланган. Жазуучу өткөн каардуу Улуу Ата-Мекендик согуштун учурундагы элдин жашоо шарттарына сүңгүп кирип, алардын каармандык жашоо образдарын чыгармаларында философиялык деңгээлде образдап берүүгө жетишкен. Ушундан улам окурмандар жазуучунун эмгектерине көп кайрылып окулгандыктан эл арасында дайыма китептери көп окулган.

Автордун калеминен 20дан ашык поэтикалык, прозалык жана котормо китептер жаралып, 300гө жакын макалалары, очерктери, публицистикалык ой толгоолору тынбай басма сөз беттерине жарыяланып турган.

**М.Осмонов.**

# Өткөн жыл ийгиликтүү жыйынтыкталды

Ноокат районунун Жаңы-Ноокат айыл өкмөтү жаратылышы кооз, абасы таза, суулары тунук жерде жайгашкан. Айыл өкмөтүндө кыргыз жана өзбек улутунун элдери эчен жылдардан бери достукта, ынтымактуулукта жана тынчтыкта чогуу жашашып, бири-бирине кыз беришип, уул үйлөшүп, куда-сөөк болуп келе жатышат.

Белгилесек, аталган айыл өкмөтү Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын 1996-жылдагы токтому менен Жаңы-Ноокат айыл өкмөтү деген макамга ээ болгон. Тактап айтканда, айыл өкмөтү 9 айылдан турат. Айыл өкмөтүнүн аймагында 8 мектеп, 1 кесиптик лицей, 13 балдар бакчасы, 1 оорукана, 2 айылдык № 12-13-үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, 9 дарыкана, 4 ФАП, чайканалар, тамактануучу жайлар жана 1 мал базары бар. Калкынын саны 33 319 адам. 5107 кожолук жашайт.

Жаңы-Ноокат айыл өкмөтүн Тиленбаев Акболуш Кочкорбаевич жетектейт. Ал айыл аймагынын социалдык -экономикалык абалын көтөрүүгө, инфратүзүмдү жакшыртууга өзүнүн тажрыйбасын эмгегин жумшап келе жатат.



Айыл өкмөтүндө өткөн жылды кандай иштер аткарылганы тууралуу айтсак, бюджеттин киреше бөлүгүн 5 %га чейин көбөйдү. Жергиликтүү бюджетке салык жана салык эмес жыйымдардын планы 49 957,8 сом болгон, иш жүзүндө 54 558,7 сом акча жыйналып, пландын аткарылышы 109% болду.

### Өнөр-жайы жана инвестиция

Жаңы-Ноокат айыл өкмөтүнүн аймагында 2024-жылы 1 аква пластик жасоочу цех, 1 кум блок чыгаруучу цех ачылды. АРИСтин KASA-1000 долбоорунун эсебинен Күнгөй-Хасан айылына 60 орундуу тигүү цехин ишке киргизүү боюнча жумуш аткарылып, 2024-жылдын 14-октябрында Кара- Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына карата ачылыш аземи болуп, 60 адам иш менен камсыз болду. Ал эми инвестициянын көлөмү былтыркы жылдын 12 айына салыштырмалуу 13 %га көп тартылган. Айыл аймактары приоритеттүү долбоорлорго инвестицияларды тартуу боюнча жумуштар аткарылды.

### Социалдык коргоо

Жаңы-Ноокат айыл өкмөтүнүн айыл аймагында жашаган калктын социалдык турмушун жакшыртуу, колдоо максатында аз камсыз болгон, ден- соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген, жалгыз бой, багуучусун жоготкон, мамлекет тарабынан жеңилдик каралган жарандарга материалдык жардамдар көрсөтүлдү. 2024-жылга карата айыл өкмөтү калкты социалдык маселелер боюнча тейлөө бөлүмүнө жыл башында сметага ылайык 730 000 сом бекитилген болсо, 2024-жылдын 11 айына карата 600 000 сом сарпталды.

### Инфратүзүм жакшыртылууда

2023-жыл ичинде Жаңы-Ноокат айыл өкмөтү тарабынан айыл аймагынын инфратүзүмүн жакшыртуу максатында жергиликтүү жамаат менен сүйлөшүп, уюштуруу иштерин жүргүзүп, айыл аймактагы ички жолдорго кум, шагыл төшөлүп, 14 км. жолго асфальт бастырылып, жергиликтүү бюджеттен акча каражаты жана жергиликтүү жамааттан акча каражаты жумшалды.

2024-жыл ичинде Жаңы-Ноокат айыл өкмөтү тарабынан айыл аймагынын инфратүзүмүн жакшыртуу максатында жергиликтүү жамаат менен сүйлөшүп, уюштуруу иштерин жүргүзүп, айыл аймактагы ички жолдорго кум, шагыл төшөлүп, 17952 м. ички жолдорго асфальт төшөлүп, жергиликтүү бюджеттин эсебинен 25 639,7 сомдук акча каражаты жана жергиликтүү жамааттын эсебинен 53 501,4 сомдук акча каражаты жумшалды. Андан сырткары республикалык үлүштүк дем берүүчү гранттардын эсебинен Доң-Кыштак жана Тескей айылдарын бириктирип турган ички 1400 м. аралыгына асфальт төшөлдү. Жалпы 87 953, 6 млн. сомдук жумуш аткарылды.

### Өзгөчө кырдаалдар

2024-жылдагы катуу жааган жамгырдын кесепетинен бир нече жолу сел болду. Жаңы-Ноокат айыл өкмөтү тарабынан өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу боюнча бир топ жумуш аткарылды. СПЛМ тарабынан Тескей айылы жана Темир-Корук айылдарына калкты селден сактоо үчүн сел арык казылды. Айыл өкмөтү тарабынан ички ирригациялык жана сел арыктары тазаланды. Чили-Сай дарыясы кум шагылдан тазаланды. Жайлоого баруучу Даңги жолуна жергиликтүү бюджеттен эсебинен, жергиликтүү жамааттын эсебинен акча каражаты жумшалып, оңдолуп ишке берилди. Ички арыктарды жана калктын үлүш жериндеги арыктарды тазалоо, чабуу иштери ашар жолу менен аткарылды.

### Айыл чарбасы

2024-жылдын түшүмү үчүн Жаңы-Ноокат айыл аймагы боюнча сугат айдоо 192 га, кайрак айдоо 593 га жер аянтына жалпысынан 785 га жерге кылкандуу дан эгиндери эгилип 466 200 тонна түшүм алынып, өсүү 110 %га өстү. 470 га жерге жүгөрү эгилип, 33840.0 тонна түшүм алынды, өсүү 102% , 141 га жерге жашылча эгилип, 28135.0 тонна түшүм алынды, 107 % 210 га жерге картошка эгилип, 45260.0 тонна түшүм алынды. Өсүү 109 %га 65 га жерге май өсүмдүгү эгилип, 8.0 тонна түшүм алынды, өсүү 100% га, 250 га жерге тамеки эгилип, 501.0 тонна түшүм алынды.

Тамчылап сугаруу ыкмасын колдоо жолу менен алгачкы жылдары 25 гектар жерге бак тигүү иштери пландаштырылган болсо, азыркы күндө 20 га. жерге бак тигилди. 5 га. жер бак тигүү үчүн даяр абалга келтирилди. Аткарылган практикалык иштердин натыйжасында тамчылатып сугаруунун натыйжалары көрүнө баштады.

### Ветеринардык сервистер, малдарды идентификациялоо

Бүгүнкү күндө айыл аймагында уюштурулган 3 ветеринардык сервис толугу менен калктын кызматында. Мал жандыктарын эпизотиядан сакташ боюнча 2024-жылда айыл аймагында уюшулган ветеринардык сервис кызматкерлеринин салымы чоң болду. Мал жандыктарын эмдөө иштери толугу менен аткарууга жетишилди. Азыркы күндө эхинококкоз, бруцеллёз, ящур жана кара сан ылаңына каршы эмдөөлөр жүргүзүлүүдө, Ага кошумча ургачы музоолорго бруцеллёз ылаңына каршы Штамп-19 вакцинасы берилип жатат 2024-жылда 5120 баш кара малга иденфикациондык биркалар тагылды.



### Социалдык курулуштар

Жаңы-Ноокат айыл өкмөтүнө караштуу Күнгөй-Хасан айылында 2019-жылы Катар фонду тарабынан социалдык комплекстин курулушу башталган. Аталган социалдык комплекс өз ичине мектеп, бала-бакча, ФАП, ашкана, мечит жана “котельныйды” камтыйт. Азыркы учурда социалдык комплекстин ички ремонттоо иштери аяктап, мектеп жана бала бакчанын эмеректери, стол жана стулдары орнотулду.

Катта-Тал айылына Нурбөбөк мектепке чейинки бала бакчанын курулушун улантуу үчүн 2024-жылга жергиликтүү бюджет эсебинен акча каражаты бөлүнүп, Тендерден ОсОО”Абдрахманов” курулуш ишканасы тарабынан курулуш иштери аткарылууда. Бала бакчанын чатыры жабылды, 47 даана пластик эшик орнотулуп, экинчи кабатка чыгуучу тепкичи жасалды.

### Маданият тармагы

Бир катар темаларда семинар-тренингдери, улуттук спорт оюндары, фестивалдар жогорку деңгээлде өткөрүлдү. Ошондой эле “Табиятты коргоо айылдан башталат”аттуу айылдарды тазалоо акциясы өттү.

Кыргыз Республикасынын 2022-2027-жылдарга "Улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү жөнүндө" улуттук программаны аткарууга алып, 1-май - Эмгекчилердин эл аралык күнү, 9-май-Улуу жеңиш майрамдык салтанатка карата “ Сахаба” эс алуу багында республикалык деңгээлде чоң алыш күрөшү уюштурулду.

“Инсандын руханий адеп - ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндөгү” жарлыктын алкагында 24-май күнү “Эне жашоо булагы” аттуу иш-чарада Энелер күнүнө карата ардагер энелер чакырылып, концерттик программа тартууланып, белектер тапшырылды.

1-июнь - Эл аралык балдарды коргоо күнүнө карата 2018-2028-жылдарга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Үй-бүлөнү колдоо жана балдарды коргоо” программасын ишке ашыруу максатында “Балдар биздин жан дүйнөбүз” аттуу кече өткөрүлдү.

Кыргыз Республикасында 2022-2027-жылдарга “Улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү жөнүндө” улуттук программаны ишке ашыруу максатында 2024-жыл 16-август күнү Көк-Жар айылдык маданият үйүндө өткөрүлгөн “Эл ичи өнөр кенчи” аттуу кароо-сынагында ырчы аткаруучу Н. Маъруфалиев жана “Хемшилдер” бийчилер тобу катышып, райондук сынакка жолдомо алышты. Кароо-сынакта улуттук салттарды чагылдырган көргөзмө уюштурулду. Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүк күнүнө карата “Элибиздин эгемендик майрамы, желбиресин эркиндик байрагы” аттуу атайын бурч чыгарылды. Кара Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгы, Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгынын 33 жылдыгына карата Ноокат шаарында уюштурулган иш-чарага Жаңы-Ноокат айыл өкмөтүнүнүн маданият кызматкерлери концерттик программа менен катышты. Мындан башка да бир топ иш -чаралар өткөрүлдү.

### Спорт жана туризм тармагы

Спорттун массалуулугун жогорулатуу, жалпы коомчулукту дене тарбия жана спортко тартуу, уюштуруу жана жандандыруу максатында 2024-жылга карата жергиликтүү бюджеттин эсебинен 150,0 миң сом акча бөлүнүп, айылдарда спорттун волейбол, футбол, баскетбол, стол теннниси, шахмат, улак тартыш, 1500 м., 1000 м., 200 м. чуркоо ж.б. түрлөрү боюнча жаштар арасында мелдештер уштурулуп, кызыктыруучу сыйлуу белектер айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан тапшырылды.

Сахаба эс алуу багында спорт зал курулушунун долбоору бүтүп, 2025-жылга курулуш иштери пландалууда. Кызыл-Тейит айылынын Кызыл-Тейит орто мектебинин административдик аймагына республикалык үлүштүк дем берүүчү гранттар жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен кичи футбол аянтчасы курулууда.

Жаңы-Ноокат айыл аймагындагы “Сахаба” эс алуу багына келүүчү туристтердин саны жыл сайын өсүп жаткандыгына байланыштуу 2024-жылда жергиликтүү бюджеттен эс алуу багынын инфратүзүмүн жакшыртуу, көрктөндүрүү үчүн акча каражаты бөлүнгөн. 2024-жылда эс алуу багына келип эс алып кеткендердин саны 35000 кишиге жетти.


**Б. Ысакова.**

# ӨСҮП-ӨНҮГҮҮ СЕЗИЛИП ЖАТАТ

**Мурда чачыранды болуп кеткен бир нече электр компаниялары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин берген көрсөтмөсүнүн негизинде Кыргыз Улуттук электр тармактары (НЭСК) ачык акционердик коомуна бириккен болчу. Бул чечим туура кабыл алынгандыгын мезгил өзү ырастады. Атайын техникалар, керектүү жабдуулар менен камсыздоонун көлөмү өсүп, капиталдык оңдоолордун сапаты арта баштады. Ошону менен катар көзөмөл, талап күчөдү.**








Кара-Кулжа райондук электр тармагынын жетекчиси Алиев Туратбек Шарабидиновичтин айтуусуна караганда тармактагы өсүп-өнүгүү алыскы аймактарга чейин сезилип жатат. Ал өз сөзүн жалпы жамаат 1965-жылы ашар жолу менен тургузулган эски имараттын ордуна 2 кабаттуу жалпы аянты 914 чарчы метрди түзгөн заманбап имаратка киргендигинен баштап, аны ары минтип уланты.

- Биздин министрибиз Таалайбек Өмүкеевич Ибраев абалыбыз менен таанышкандан кийин 2023-жылы жаңы имаратты куруу тууралуу көрсөтмө берип кеткен болчу. Жалпы суммасы 50 млн. 335 миң сомду түзгөн заманбап жаңы имараттын курулушу өткөн жылдын апрель айында башталып, декабрь айында пайдаланууга берилди. Анын ачылышына министр өзү келип катышып, биздин кубанычыбызга тең ортоктош болуп кайтты. Жаңы имаратта кызматкерлер үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлдү. Анын подвалында кызматкерлердин адистик кесипкөйлүгүн жогорулатуу, коопсуздук жана техникалык эрежелерди боюнча окууларды жүргүзүүгө ыңгайлуу зал, иштен кийин жуунуп, тазалануучу атайын жай курулду. Эс алуу учурунда ойноо үчүн теннис столу алып келинди. Келечекте ашкана ачканы турабыз.

Жалпысынан алганда Кара-Кулжа райондук электр тармагы 1968-жылы түптөлгөн. Биздин ишкана азыркы учурда 7 айыл өкмөттүн аймагындагы 15 750 абонентти тейлейт. Тейлөө радиусу 81 чакырымды түзөт. Кара-Кулжа, Ылай-Талаа жана Терек участкасында 90 кызматкер эмгектенет.

Райондун аймагында 356 км 6-10 жогорку чыңалуудагы аба чубалгысы бар. Анын 343ү РЭСтин, 11 км керектөөчүлөрдүн карамагында турат. Төмөнкү чыңалуудагы 0,4 аба чубалгыларыбыздын узундугу 486 км. Трансформаторлордун саны 439. Анын ичинде биздин карамагыбызда турганы 337, 96 даанасы башка электр энергиясын керектөөчүлөрдүн колунда.

Ишкананын паркы акыркы эки жылын ичинде жалпы суммасы 16 млн. сомдон ашык суммадагы атайын техникалар менен толукталды. Кран манипулятор жана жумушчуларды ташып жүрүүчү автомашина келди.

Бул жерде оңдоп-түзөө жумуштарынын сапаты жылдан жылга жакшы жолго коюлуп келе жаткандыгын баса белгилеп өтүү зарыл. Өткөн жылы ремонттоо жумуштарын май айынан тартып баштаган болчубуз. Анын ичинде пландалган 40 даана трансформатор капиталдык ремонттон өткөрүлдү. Өткөн жылы 6-10 КВтык 51 км аба чубалгысы капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөрүлдү. Бир катар реконструкция иштери жүргүзүлдү. 2024-жылы капиталдык курулуш беренесинин негизинде да бир топ жумуштар аткарылды.

Каржылоо маселеси чечилип жаткандыгы, кышка карата даярдык кечиктирбей жүргүзүлгөндүгү жана керектүү жабдуулар менен камсыз болгондубуз – райондун аймагында аварииялык өчүрүүлөрдүн саны жылдан жылга азайуусуна таасирин тийгизип жатат. Алсак, 2021-жылы 122, 2022-жылы 86, 2023-жылы 50, өткөн жылы 43 жолу катталган. Аны катардагы адамдар да байкап, "электр энергиясынын эртеңи, келечеги бар экен" деген биздин дарегибизге жылуу пикирлерин айта баштагандыгы





бизди кубандырып, жоопкерчилигибизди арттырып жатат.

Мурдагы мезгилде жылына 150 мамыча алмаштырып келсек, жогоруда белгиленгендей жаңы техникалар келгендигине байланыштуу иштин темпи жогорулады. Анын натыйжасында өткөн жылы 340тан ашык мамычаларды орнотууга жетиштик. Райондун аймагында 18 753 жыгач мамыча болсо анын 12 500дөн ашыгы союз мезгилинде орнотулган жыгач зым мамычалары бар. Акырындап алардын ордуна темир бетон мамычалар коюлат деген ишеним бар.

Электр энергиясын үнөмдөө, техникалык жактан жоготуулардын санын төмөндөтүү дебитордук карыздарды азайтуу маселеси Кара-Кулжа райондук мамлекеттик администрациясынын көзөмөлүндө тургандыктан ага олуттуу маани берилет. Мекеме-уюмдардын жана калк арасында түшүндүрүү жумуштары ыраатуу жүргүзүлүп жатат.

**Материалды даярдаган:**
**Толонбай АБДЫРАЗАКОВ.**

# Карыларга - камкордук, алсыздарга - колдоо көрсөтүлүүдө

*Өзгөн райондор аралык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы райондун аймагындагы калктын аялуу катмары менен иш алып барып жатат. Бүгүнкү күндө бөлүмдүн кызматкерлери жарандарды (Түндүк) ведомостволор аралык маалымат алмашуу базасы аркылуу кабыл алып, иш жүргүзүүдө. Ал жерде жарандардын бардык өздүк маалыматы көрсөтүлүп, мамлекеттик жөлөкпул алууга кайрылган атуулдардын документтери электрондук база аркылуу такталып чогултулат. Үй-бүлөсү тууралу маалымкаттар "Санарип" база аркылуу чыгарылып өздүк делого тиркелет. Учурда Өзгөн районунда аз камсыз болгон 4406 үй-бүлөдөгү 16 жашка чейинки 16328 балага 1200 сомдон жөлөк пул төлөнүп келүүдө. Өткөн жыл ичинде бөлүмгө бардыгы болуп 1600 адам иш издөөчү катары катталды, 7551 адамга ар кандай кеп-кеңештер берилди. Жумуш издеп кайрылгандардын ичинен 1133 адамга расмий жумушсуз статусу ыйгарылды. Бөлүмгө кайрылган жумушсуздар Эмгек рыногунун маалыматтык тутуму базасына киргизилип, "Түндүк" электрондук системасы боюнча иш жүргүзүлүп жатат. 388 жумушсузга ар түрдүү тармактарга, мекеме жана уюмдарга ишке жайгаштырууга көмөк көрсөтүлдү. "Кесипке багыт берүү жана кайра даярдоо" боюнча жыл ичинде 134 жумушсуз атайын кесиптик окуу жайларга окууга жөнөтүлдү, 1495 жаңы жумуш орундары түзүлдү,-дейт Өзгөн райондор аралык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын башчысы Инашов Эдилбек Султанбекович.*



### Бирди эки кылган "Социалдык келишим" долбоору

"Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам берүү жөнүндөгү" токтомго ылайык, өткөн жыл ичинде 1600 жарангa социалдык контракт түзүлүп, ар бир жарангa 100 000 сомдон акча берилди. Анын ичинен 1268 мал чарбасын өстүрүү, 4 айыл чарба азык- түлүктөрүн өндүрүү, 93 тигүү, 69 соода-сатык жүргүзүү, 12 коомдук тамактануу (тамак жасоо) кызматын көрсөтүү, 115 автомашинаны арендага алып такси кызматын көрсөтүү, 1 автомашина жуу, сто вулканизация кызматын көрсөтүү бар. Ошондой эле 6 коомдук тамактануу кызматын көрсөтүү (кондитердик пекардык ж.б) 6 сулуулук салону, 1 курулуш монтаждоо (сварка), 1 бут кийим ондоо, 8 курулуш инструменттерин сатып алуу, арендага берүү, 9 бал чарбасын (аарычылык) өнүктүрүү, 5 төөк чарбасын өнүктүрүү, 1 агроаптека жана 1 балмуздак аппаратын алып кызмат көрсөтүүгө багытталды. БУУнун Дүйнөлүк азык-түлүк программасынын алкагында жалпы 30 долбоор боюнча, 670 катышуучу жарангa эмгек акыга 201 000 кг ун, 18 529 кг май төлөнүп берилди.

### Ички жана тышкы миграция маселелери

Өзгөн району боюнча өткөн жыл ичинде жалпы калктын саны 296071, анын ичинен миграцияда жүргөн үй-бүлөлөрдүн саны 11189 түздү. 8751 жаран тышкы миграцияда, 4724 жаран ички миграцияда экендиги аныкталды. Чет мамлекеттен келген, тарыхый мекенине кайтып келген этникалык кыргыздар боюнча, кайрылман статусун алуу үчүн 2 жаран кайрылган. Алардын тийиштүү документтери такталып, аларга "Кайрылман" статусу берилди. Жалпы балдар боюнча Excel программасына базалык маалымат жана ошондой эле, ата-эне камкордугунан жарым жартылай ажыраган же болбосо толук ажыраган балдар боюнча маалыматтык мамлекеттик банкы түзүлүп, өздүк дело ачылган. КИССПга бүгүнкү күнгө ата-эне көзөмөлү жок калган 34 бала катталган жана бала асырап алуучу катары 9 кандидат катталган. Ар кандай себептен улам ата-эне көзөмөлү жок калган 34 балага карата жакын бир туугандарына 20 бала камкордукка, 14 бала асырап алууга берилди. Ошондой эле ата-энесинен ажыраган 107 балага карата "Келечекке салым" программасынын алкагында депозиттик эсеп ачуу үчүн такталган тизме жөнөтүлүп, жашы 18ге жеткен 6 балага карата депозиттик эсеп ачуу иштери аткарууга алынган. Жашы жете элек ден-соолугу боюнча мүмкүнчүлүгү чектелген 1145 бала такталып, муктаждыктары абалга жараша чечилди. Ата-эне көзөмөлү жок, мигрант ата-энелердин балдарын аныктоо, табуу максатында иш-чаралар түзүлдү. Бул багытта үймө- үй кыдыруу иш аракетери көрүлүп, жыйынтыгында чет өлкөдө эмгектенип жүргөн 6586 ата-эне жана алардын 18 жашка толо элек 11629 бала аныкталып, талапка ылайык иш- аракеттер жүргүзүлдү. Кыдырууда турмуштук оор кырдаалдагы 1 үй-бүлө аныкталып, ал үй-бүлө менен тыгыз иш алып баруунун жыйынтыгында 5 баласы интернаттык мекемеге жайгаштырылды.



### Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо иштери

Жаш өспүрүм балдардын мыйзамдуу кызыкчылыгын коргоо, ар кандай зордук-зомбулукту болтурбоо жана алдын алуу максатында райондун аймагындагы мектептерде ата-эне жана окуучулар менен жолугушуулар, семинарлар, талкуулар өткөрүлдү. 2024-жыл ичинде мыйзам менен чатагы бар болгон 15 жаш өспүрүм катталып, азыркы күндө 4 жаш балага карата катталган кылмыш иш РИИБнун тергөө бөлүмүндө иликтөө иштери жүргүзүлүп жатат. 13-жаш өспүрүм боюнча маалыматка ылайык жашы жете элек өспүрүмдүрдүн мыйзамдуу укуктарын коргоо иштери аткарылып, 2 бала фостердик үй-бүлөгө 6 айлык мөөнөткө жайгаштырылып, 1 бала биологиялык үй-бүлөсүнө кайтарылды, 1 бала фостердик үй-бүлөдө тарбияланып жатат. 2024-жыл ичинде жашы жете элек балдардын мыйзамдуу укуктарын коргоо иштерин аткаруу максатында, Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясынын алдындагы Балдар иштери боюнча комиссиясына 27 жашы жете элек баланын жекече коргоо иш планы жөнөтүлгөн жана 10 отурум өткөрүлгөн, Өзгөн шаардык мэриясынын алдындагы балдар иштери боюнча комиссиясына 4 жашы жете элек баланы жекече коргоо иш планы 4 балага карата жөнөтүлүп 2 отурум өткөрүлгөн.

Бир канча иш аракеттер жүргүзүлгөнгө карабастан, ата-энесинин балдарга болгон кайдыгер мамилесинен улам 4 жаш өспүрүм өз өмүрүн кыйган, 2-жаш өспүрүм өз өмүрүн кыйууга аракет жасаган, бул жаш өспүрүмдөр менен мыйзам талабына ылайык КДДга сунуш берилип, медициналык, психологиялык, укуктук жардамдар берилип ата-энелерине түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

### Социалдык-укуктук кызматтар

Жалгыз бой, улгайган жарандарга жана ден соолугунан мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга үйлөрүндө көрсөтүлүүчү кызматтардын негизинде Социалдык-тиричилик кызматтары, социалдык-медициналык кызматтар жана социалдык –укуктук кызматтар көрсөтүлүп жатат. Үйүнө барып социалдык тейлөөнү уюштуруу иштерин жүргүзүүдө 23 социалдык кызматкер эмгектенет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын алдында түзүлгөн социалдык маселелер боюнча комиссиянын сунушу менен өткөн жылы 227 жаран тейлөөгө алынып, жободо каралган тартипте туруктуу негизде үйүнө барып социалдык тейлөө иштери жүргүзүлдү. Алардын катарында 45 жалгыз бой карыкартаңдар, 170 ДМЧ жарандар, 36 тейлөөгө муктаж жубайлар, 5 ТОК үй-бүлө бар. Жергиликтүү бюджеттен жана демөөрчүлөрдөн ден –соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү жарандарга, аз камсыз үй-бүлөлөргө, жалгыз бой жана кургак учук оорусу менен ооруган социалдык категориядагы жалпы 4400 адамга 12 598.0 сомдук жардам берилди. Жергиликтүү бюджеттен 1083 жарангa 697 тн. көмүр, демөөрчүлөр тарабынан 409 адамга 352 тн. көмүр берилди. Жалпысынан 1492 жарангa 1049 тн. көмүр таркатып берилди. ЮСАИД уюму тарабынан "ЭРГЭНЕ" коомдук фонду аркылуу "Тынчтыктын атынан азык-түлүк" программасынын алкагында 200 үй –бүлөгө 1400 кг кургатылган чечевица таркатылды. 26 жаран майыптык арабача алуу үчүн арыз менен кайрылган. Ага ылайык республикалык протездик-ортопедиялык буюмдар мекемесинен 13 даана балдар үчүн майыптык арабача, 3 даана чоңдор үчүн "ходунок" жана 3 даана трость (таяк) алып келинди. 9 даана майыптык арабача тиешелүү иш кагаздарынын негизинде таркатып берилди. Ал эми чоңдор үчүн 1 даана "ходунок" берилди. "Келечек" майыптыгы бар балдарды реабилитациялоо борборуна майыптыгы бар 4 бала жолдомо менен жөнөтүлдү. Кадамжайдагы жана Токмоктогу психоневрологиялык социалдык стационардык мекемесине 4 жаран, 1 жаран Сузак районуна караштуу Октябрский айылындагы кары-картаңдар жана ден-соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар үчүн жатак үйүнө жайгаштырылды.

### Социалдык жөлөк пул алуучулар

Үстүбүздөгү жылдын 1-январына карата социалдык жөлөкпул алуучулар 11 категория боюнча, жалпысынан 3308 үй-бүлө, балдардын саны 3649 түздү. Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелгендер, жарым жетим балдар, улгайган жарандар ай сайын 2000 сомдон 8000 сомго чейин социалдык жөлөк пул алышат. Өзгөн району боюнча жеке ассистенттердин саны 499, ДМЧАнын саны 508 түзөт. Анын ичинен 18 жашка чейинки баланын саны 308, ал эми 18 жаштан жогоркулар 200 адам. Жеңилдиктердин ордуна акчалай компенсация алуучулардын жалпы саны 1070 адамды түздү. Алар 17 категория боюнча 2000-7000 сомго чейин акчалай компенсация алып келишүүдө. ДМЧА боюнча ден соолугун чыңдоо үчүн 230 жарангa санатордук-курорттук жолдомо берилди.

**А.МАТИЕВА.**

### Алла берсин акыретин бейишин

Акын, коомдук ишмер, Кара-Кулжа кайрыктары коомдук бирикменин мүчөсү Асылбек Максүтов авам 21-январь 2025-жылы дүйнөдөн кайтты.

Туугандарына, балдарына, кыздарына терең көңүл айтабыз! жаткан жери жайлуу болсун! Бейишин берсин!

**Кара-Кулжа кайрыктары коомдук фондунун жамааты.**



Кадыр-барктуу, Акын эле Аксакал,
Кыз-келиндер сурап калчу-кандай чал?.
Ойдо жокто,ооруп жаткан авамды,
Алып кетти, ал дүйнөгө шум ажал

Кабар айтты, уккан кезде кейидим,
Кудай алды! Нурдан кылсын бейитин.
Айла жоктон дуба кылып турабыз,
Алла берсин акыретин бейишин!

**М.Артыков**

### Аукцион

Өзгөн Районунун Мырза-Аке айыл аймагынын Коммунист участкасында жайгашкан кайраkы бадам бактын жалпы аянты 20,0 га. жерди ижарага берүү үчүн аукцион жарыялайт. Аукцион Мырза-Аке айыл аймагынын айыл өкмөт имаратында 2025-жылдын 17-февраль күнү саат 10-00дө өткөрүлөт. Аукционго катышуу үчүн арыздар 14-февраль күнү саат 14-00 дө токтотулат.

### Жараксыз деп табылсын

Ош мамлекеттик университети тарабынан 2016-жылы Каныбаева Айзирек Марипжановнага берилген № УС 160106107 сандуу дипломдун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

### XXX

Ош мамлекеттик университети тарабынан 2022-жылдын 12-июлундагы чечими менен Назимге берилген № ТВ 220061774, каттоо №360 сандуу дипломдун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

### XXX

В связи с утерей бланки для разрещения грузоперевозок (дозвол) ИП М. М. Кожобекову.

1.Китай 2-х транзит № 38371 от. 10.07.2024. ГОС № 06. KG 546 AKA считать не действительным.

### Түзөтүү

2025-жылдын 18-январында “Ош жаңырыгы” гезитинин № 1-санында чыккан Ош жогорку технологиялык колледжи тарабынан 1993-жылы Муратбеков Талайбек Дыйкановичке берилген ФВ-I № 126844 номерлүү дипломдун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын деген жарыядагы фамилия Муратов деп окулсун.

### Аукцион

Кара-Суу районуна караштуу Мады айыл аймагында келишим мөөнөтү 2024-жылы бүткөн мамлекеттик фондунун сугат, кайрак жана чөп чабынды жерлери ижарага берүү менен аукционго коюлат.

Аукцион 2025-жылдын 3-мартында саат 10-00дө Мады айыл өкмөтүнүн кеңсесинде өткөрүлөт. Кошумча маалымат үчүн : 0-556-15-02-60, 0-755-10-02-69, 0554-73-71-72.

### Аукцион

Жоош айыл өкмөтүнүн төмөндө көрсөтүлгөн айыл чарба мамлекеттик фондунун жерлери ачык аукцион аркылуу ижарага берилет. Аукцион жарыя газетага чыккан күндөн тартып 30 күндөн кийин Жоош айыл өкмөтүнүн имаратында өткөрүлөт. Аукционго тийиштүү иш кагаздарын айыл өкмөтүнүн жер бөлүмүнө тапшыруууңуздар зарыл.

Аукционго коюлган жердин 20% социалдык жактан муктаж адамдарга түз берилет.

Калинин айылы контур №85 1,0 га,
Агартуу айылы контур №171 4,0 га, №456 3,5 га. №373 3,0 га
Ак-Жар айылы 39,70 га
Зарбалик айылы контур №512 2,60 га
Маданият айылы контур №581 4,0 га №400 1,0 га. №584 5,0 га
Кызыл-Кошчу айылы контур №237 5,0 га №266 14,75 га №262 7,0га
Мамажан айылы контур №508 4,1га № 513 8,65 №259 2,68 га
Гайрат айылы контур №453 5,7 га
Кызыл-Сарай айылы контур №301 1,0 га
Питомник айылы контур №92 0,50 га №96 1,0 га
Жалпы 114,18 га

### Аукцион

Баш-Булак айыл аймагында айыл чарба багытындагы жана айыл чарбасына жараксыз жерлерге төмөндөгү лоттор боюнча аукцион өткөрүлүт.

**Баш-Булак айылы**

Лот №1 № 117 контурдагы 2,0 га кайрак айдоо,Таш-Кыя участогунан.(Машрапов Карабай иштетип жүргөн).

Лот №2 № 569 контурдагы 2,0 га кайрак айдоо, Ак-Кыя участогунан.(Жээнбеков Калыбек иштетип жүргөн).

Лот №3 № 571 контурдагы 2,50 га кайрак айдоо,Ак-Кыя участогунан.(Токсонбаев Раимжан иштетип жүргөн).

Лот №4 № 591 контурдагы 1,25 га кайрак айдоо,Кыр-Жон участогунан,(-Майканов Кудрет иштетип жүргөн).

Лот №5 № 425 контурдагы 3,0 га кайрак айдоо, Долоно участогунан. (Кабылов Самат иштетип жүргөн).

Лот №6 №585 контурдагы 1,60 га чөп чабык,Кыр-Жон участогунан.( Майканов Кудрет иштетип жүргөн).

Лот №7 №304 контурдагы 0,20 га айыл чарбасына жараксыз жер, Баш-Булак участогунан. (Тагаев Жаныш иштетип жүргөн).

**Кызыл-Ордо айылы**

Лот№1 № 495 контурдагы 5,0 га кайрак айдоо, 55 участогунан.( Максутов Илимбек иштетип жүргөн).

Лот №2 № 601а контурдагы 2,0 га кайрак айдоо, Жамбулак участогунан. (Саипов Айтназар иштетип жүргөн).

Лот №3 № 495 контурдагы 5,0 га кайрак айдоо, 55 участогунан.(Бапыев Самидин иштетип жүргөн).

Лот №4 № 641 контурдагы 5,0 га кайрак айдоо, Учемек участогунан.(Калекеев Талант иштетип жүргөн).

Лот №5 № 642 контурдагы 5,0 га кайрак айдоо, Учемек участогунан.(Калекеев Бактияр иштетип жүргөн).

Лот №6 №601а контурдагы 1,0 га кайрак айдоо, Жамбулак участогунан.( Абдраманов Нурдин иштетип жүргөн).

Лот №7 №591 контурдагы 1,0 га кайрак айдоо, Долоно участогунан.( Нурматова Датка иштетип жүргөн).

**Садирбай айылы**

Лот №1 №1 контурдагы 0,50 га суулу жер, Садирбай участогунан.(Сатыбалдиев Замир иштетип жүргөн).

**Жаны-Турмуш айылы**

Лот №1 № 158 контурдагы 5,0 га кайрак айдоо, Токтогул-Жол участогунан. (Тагаев Үмүт иштетип жүргөн).

Лот №2 № 441 контурдагы 5,0 га кайрак айдоо, Жогорку төгөрөк участогунан.(Тагаев Асилбек иштетип жүргөн).

Лот №3 № 439 контурдагы 2,0 га кайрак айдоо, Орто төгөрөк участогунан.(Апанов Эрмек иштетип жүргөн).

Лот №4 № 375 контурдагы 2,0 га кайрак айдоо, Күйгөн-Кырман участогунан. (Мадишев Арстан иштетип жүргөн).

Лот №5 № 439 контурдагы 2,0 га кайрак айдоо, Орто төгөрөк участогунан.(Мадишева Гүлзат иштетип жүргөн).

Лот №6 №122а контурдагы 1,50 га кайрак айдоо, 43 участогунан.( Ажибаев Султанбай иштетип жүргөн).

Лот №7 №144 контурдагы 4,0 га кайрак айдоо, Кирпичный участогунан.

Лот №8 №19 контурдагы 0,30 га суулу жер, Сары-Колот участогунан.( Туташев Салайдин иштетип жүргөн).

Лот №9 №38 контурдагы 0,40 га суулу жер, Кокту участогунан.(Айдарбеков Бектурсун иштетип жүргөн).

Лот №10 №67 контурдагы 0,40 га суулу жер, Беде-Пая участогунан.( Карыбеков Мурзабек иштетип жүргөн).

Лот №11 №38 контурдагы 0,50 га суулу жер, Кокту участогунан.( Тажибаев Сюз иштетип жүргөн).

Лот №12 №58 контурдагы 0,40 га суулу жер, Таш-Күнгөй участогунан. (Тургунбаев Бекболот иштетип жүргөн).

**Кара-Сөгөт айылы**

Лот №1 № Б/Н контурдагы 3,0 га чөп чабык,Геологобаза участогунан.( Калыев Абдыгапар иштетип жүргөн).

Лот №2 №529 контурдагы 3,0 га чөп чабык,Столба-Жон участогунан.( Ботобеков Манас иштетип жүргөн).

Лот №3 №529 контурдагы 3,0 га чөп чабык, Столба-Жон участогунан.(Ботобеков Токтосун иштетип жүргөн).

Лот №4 №763 контурдагы 3,0 га чөп чабык, Кара-Жылга участогунан.( Ормонов Кушбак иштетип жүргөн)

**Ачы айылы**

Лот №1 №575,578 контурдагы 4,0 га чөп чабык, Алманкол участогунан.( Бердиев Исраил иштетип жүргөн).

**Талдык айылы**

Лот №1 № 628 контурдагы 2,5 га кайрак айдоо, Кош-Тектир участогунан. ( Иманалиев Канат иштетип жүргөн).

Лот №2 № 675 контурдагы 0,20 га кайрак айдоо, Кара-Суу участогунан. (Кайназаров Жаныбек иштетип жүргөн).

Лот №3 № 920,646 контурдагы 0,10 га кайрак айдоо, 53км участогунан. (Жээналиев Сапар иштетип жүргөн).

Лот №4 № 912 контурдагы 0,10 га кайрак айдоо, 53км участогунан.(Касымов Азизбек иштетип жүргөн).

Лот №5 № 702а контурдагы 0,30 га кайрак айдоо, Карасу участогунан.(Ашимов Парманас иштетип жүргөн).

Лот №6 №702а контурдагы 1,0 га кайрак айдоо, Карасу участогунан.( Султанов Мөнөкбай иштетип жүргөн).

Лот №7 №938а контурдагы 2,0 га ч-п чабык, Ивановка участогунан.( Жолдошов Чубак иштетип жүргөн).

Лот №8 №199 контурдагы 5 га чөп чабык, Жамбулак участогунан, Мамазаитов Тыныс иштетип жүргөн.

Лот №9 №364 контурдагы 3,0 га чөп чабык,Кичик участогунан.( Маразаков Бердигул иштетип жүргөн).

Лот №10 №364 контурдагы 2,0 га чөп чабык,Кичик участогунан.( Сыдыков Медет иштетип жүргөн).

Лот №11 №426 контурдагы 2,0 га чөп чабык,Кичик участогунан.( Сыдыков Кемел иштетип жүргөн).

Лот №12 №938а контурдагы 2,0 га чөп чабык,Ивановка участогунан.( Шайлиев Акылбек иштетип жүргөн).

Лот №13 №423 контурдагы 2,0 га чөп чабык,Кичик участогунан.( Закиров Турдумамат иштетип жүргөн).

Лот №14 №492 контурдагы 3,0 га чөп чабык,Кичик участогунан.( Закиров Мухтарбек иштетип жүргөн).

Лот №15 №492 контурдагы 2,0 га чөп чабык,Кичик участогунан.( Шадиев Кадыр иштетип жүргөн).

Лот №16 №130 контурдагы 1,0 га суулу жер, 54км участогунан.(Абдразаков Жалалдин иштетип жүргөн).

**Аукцион 2025-жылдын 26-27-февраль күндөрү саат 10дө айыл өкмөтүн конторасында өтөт.**

**Сурап билүү телефондору: 075500 9366,0558755705,0556222305.**

### Об открытии ОАО

Рады сообщить об открытии нового Представительства ОАО «Государственный банк развития Кыргызской Республики» в южном регионе (Баткен, Ош, Жалал-Абад)

Прямое финансирование от 6% годовых до 10 лет. Тел: 501 77 54 57

### Собрание акционеров

АООТ “Ош-Фарм-Ка” обьявляет о проведении годового собрания акционеров, которое состоится 27 февраля 2025 года в 9-00 ч. по адресу: г. Ош, ул. Курманжан датка 213 А ( в здании аптеки №5). Начало регистрации в 8-00 ч.

Повестка дня:

1. Выборы счетной комиссии
2. Отчет правления о финансово-хозяйственной деятельности за 2024 год
3. Утверждение годовых отчетов, бухгалтерского баланса, счетов прибылей и убытков
4. Утверждение годового бюджета на 2025 год
5. Утверждение отчетов ревизионной комисии и аудитора
6. Порядок распределения прибыли и выплаты дивидендов
7. Выборы состава Совета Директоров и утверждение размеров вознаграждения
8. Выборы состава ревизионной комиссии и аудитора
9. О реструктуризации основных средств ( реализация, обмен, покупка и списание ОМ)

****

“Ош-Фарм-Ка” ААК 2025-жылдын 27-февраль саат 9-00 дө акционерлердин жалпы чогулушун өткөрөт.

Күн тартиби:

1. Эсептөө комиссиясын шайлоо
2. Башкармалыктын 2024-жыл финансы-чарбалык ишмердиги боюнча отчету
3. Жылдык балансттын киреше жана чыгаша эсебин бекитүү
4. 2025-жылдын бюджетин бекитүү
5. Текшерүү комиссиясынын жана аудитордун отчетторун бекитүү
6. Кирешени бөлүштүрүү жана дивиденддерди төлөө тартиби
7. Директорлор Кеңешинин мүчөлөрүн шайлоо жана сый акысынын өлчөмүн бекитүү
8. Текшерүү комиссиясынын мүчөлөрүн жана аудиторду шайлоо
9. Негизги каражаттардын түзүмүн өзгөртүү ( сатуу, сатып алуу, алмаштыруу, негизги каражаттарды эсептеп чыгаруу).

## Табиятка

Табият гүлдөр жайнап бактарында,
Түркүн куш сайрапконуп шактарында.
Табият бир сулуулук жаратыпсың,
Сөз менен айтып бүткүс бул ааламда.

Табият төрт мезгилиң жомоктордой,
Адамзат келип кетчү конoктордой.
Талашпай мезгилдериңөз ордуна,
Унчукпай кезек келсе жөнөп кетмей.

Табият адамдардан таарындыңбы,
Өткөргөн тынч күндөрдү сагындыңбы.
Жер жүзү бүчүр байлап гүл жайнаган,
Жер эне ошол күндү сагындыңбы.

Мен дагы ошол күндөрүмдү сагынамын,
Айла жок бул жашоого багынамын.
Жүрөгүм толкундардай тынчыбастан,
Айланып көз жаштарга агыламын.

## Улгайууга сейил багын курайын

Өттү өмүр от учканга айланып,
Өттү өмүр бул жашоого байланып.
Өкүнгөндөй өмүр турат алдыңда,
Өткөн күндүн саясына айланып.

Өткөн өмүр өтмүш болуп калганын,
Жаратканым кайсы жолго салганы.
Улгайуунун белгилерин жөнөтүп,
Кара чачтар аппак болуп
Кыш чилденин бубагына айланып.

Оо өмүрүм токтоп турчу шашпагын,
Өткөн күндү көмүскөгө катпагын.



Издер калсын жашоо өмүр күнүмдөн,
Улгайууга сейил багын курайын.

## Кыргыз-Ата айылым

Айылымды аралап бара жатам,
Жаштык күн жакшы күндү эске салам.
Өмүрдүн учуп жаткан учкундары,
Кайрадан мен өзүңдөн кубат алам.

Сагындым айылдын аппак таңын,
Асмандан төгүлгөн аппак карын.
Тоолору аппак болуп,
Бактардын аппак болуп ийилген шагын.
Айылым тоолор менен туташылган,
Дарадан муздак жели келип турган.
Кандайдыр мен өзүңдөн кубат алам,
Көргөндө бүт кусалык тарап турган...

## 70 жашка арналат

Жетимишке качан жетем дечи элем,
Жаркындаган кырчын курак кечээ эле.
Сапырылып шамал болуп өмүрүм,
Сезбей калдым жеткенимди тез эле.

Жетимишке таяп калган курагым,
Мен өмүрдү аяп турган убагым.
Ойлоп туруп ишенбеген сыяктуу,
Ушунчалык тез өткөнүн убактын.

Жетимиштин жолдорунда басамын,
Неге мынча улгайууга шашамын.
ОО убакыт шаштырбачы мынчалык,
Дагы канча ырларымды жазамын.

## Кыргыздын акындарына

Ак тилек акын атыңар,
Таамайын сөздүн табыңар
Алыкул менен Мидиндей
Тарыхка чыйыр салыңдар

Колуңда калем курч болсун
Аңкыган жыпар мурч болсун
Окуса сезим ойготкон
Алоолоп күйгөн от болсун.

Акындык жолуң кут болуп,
Сабалап учкан куш болуп
Урабас мунар сыяктуу
Тарыхта калсын из болуп.

Аргымак күлүк чапкандай
Акыйкат жолун тапкандай
Бактылуу өмүр сүргүлө
Агарып таңдар аткандай.

## Ыр кайрыктары

Жогорку билим ала албай
Өмүрүм өтүп шамалдай
Өкүнүп азыр отурам
Жакшы сөз таап жаза албай.

Ойлоп келем ар бир баскан кадамда
Туш келдим кайдыгерлик заманга
Тууганым жок, таанышым жок колдогон
Калып кеттим заманамдан аркада.

Мен тоолордо мал кайтарып жүргөндө
Туман түшүп, шүүдүрүмдөр жүздөрүмө түшкөндө
Азыр ойлоп жайлоодогу күндөрдү
Кана эми ошол күндөр бир түшүмө киргенде.

Элүүдөн өткөн курагым
Ойлонуп азыр турамын
Эскертет ар бир минута
Убакыт кыска убагын.

Ырларым калар бекен эл колунда
Убак жетсе жатамын жер койнунда
Белгилүү из калтырбай жатканыма
Өкүнөм ар бир кадам басканымда.

Мен чоңойдум Ала-Тоонун койнунда
Шаркыраган тунук суулар койнунда
Байлык эмес чындык жолун издедим
Таппай келем өмүрүмдүн жолунда.

**Жакыпова Зебихан**

## АК-БУУРАНЫН СУУСУ АГАТ ШОКТОНУП

Ак-Бууранын суусу агат шоктонуп,
Бурганактап көбүктөнөт ок болуп.
Толкун сүргөн ташты тиктеп олтурам,
Өмүрдү да аккан суура окшотуп.

Колум сунуп ичсем деймин шимирип,
Тунуктугун алгым келди синирип.
Дарак турат тамыр байлап өзүнө,
Аруулуктан бүчүр байлап ийилип.

Оргуштанат, көбүктөрү сүттөнүп,
Ак - Бууранын толкундары күч берип.
Кыял сүрүп ойго батып турамын,
Толкунуңа таазим этип баш ийип.

Көргүм келип, сага келдим бук болуп,
Сагынычым ич дүйнөмө жык толуп.
Тунук аккан көбүгүңө чайкансам,
Аксын деймин кайгы муунум жок болуп.

## ЖАЗГЫ ШАМАЛ СЫЛАП ТУРДУ БЕТИМИ

Уйкум келбей түнкү саат экиде,
Секин турдум, ачтым барып терезе.
Түн карангы шуудураган бак дарак,
Жазгы шамал сылап турду бетими.

Асман ачык ай баратат жай калкып,
Жарык нурда бирө барат тез басып.
Корккон өңдүү шашып басат элендеп,
Же бирөдөн бараткандай ал качып.

Көпкө турдум көңүл ачып өңдөнүп,
Учкан куштай, өткөн күндү ойлонуп.
Билинбестен өтөт тура бул өмүр,
Жүрсөк экен капа кылбай колдонуп.

Эргүү келди толкун уруп сезимди,
Сырлар келди жүрөгүмдөн берилди.
Сырдаш болгон калем барак колго алып,
Жазып жаттым ырларымды берилип.

## АПАКЕМ

Арыбаңыз жаркылдаган апакем,
Сиз бар үчүн, мен дүйнөдө бар экем.
Алтын кызың бүгүн дагы ыр жазды,
Сизсиз жашоо чындыгында тар экен.

Алтын апа кайсыларын айтайын,
Андан көрө асыл сөздү чайкайын.
Илхам келип ак баракка ыр жазам,
Унуткарып турмушумдун көрпайын.

Өзүмдү өзүм карап жүрөм этият,
Балдарымды үйлөсөм деп күн санап.
Жалгыздыгым билдирбеске тырышам,
Кыйналганда бирок көз жаш жеп салат.

Келечегин ойлойм кыз - балдардын,.
Бактыларын тапса экен деп каржалдым.
Таянарым бизди таштап кеткен соң,
Түбөлүгү жок жашоого ардандым.

## КЕТЕР КҮНҮ КЕЧ КЕЛСЕ

Кайгы тартып айталбайсың бир нерсе,
Ден соолугуң кымбат турат билгенге.
Жаның оорун жатып калсаң төшөктө,
Керексиздей пайдаң тийбейт эч кимге.

Ыйман сура жараткандан жаркылдай,
Алып сүйлө көңүлдөрүн калтырбай.
Тууган душман көңүл салган баардыгы,
Айтып жүрсүн айткан сөзүң калтырбай.

Туугандары көз алдында күйүшөт,
Суроо берет, не болду деп сүйлөшөт.
Колдорунан келбейт бирок эч нерсе,
Кулак салып айланчыктап жүрүшөт.

Айла канча дем аласың кез кезде,
Сурап тилейм кетээр күнү кеч келсе.
Балдарыңын мээрим сөзгө бөлөнгүн,
Бакыт нурун, неберелер бүт берсе.



## МУҢАЙАМ

Уу коргошун сезимимде уялап,.
От жалындап жүрөгүмдү куйкалап.
Ысык жаным, ооруганда артыңдан,
Жан, түгөйүм баргым келет кыялап.

Бул жашоодо, жаның сыздап кыйналдың,
Сен онтосоң токтоно албайм ыйладым.
Үч балаңын атын айттып чакырып,
Мени таштап кош айтышып аттандың.

Бар барагой, баргын эми бир пайым,
Уулум Бакыт, экөөң колдоп тур дайым.
Айгүл, Миргүл эки кыз да жөн турбайт,
Баарың бирге, бир үй бүлөө бол жаным.

Чын дүйнөдө кайгы тартпай жаткының,
Биз жөнүндө балдарыңа айткының .
Жаратканым күнөлөрүң кечирсин,
Жайың жаннат, бейиш нурда баскының.

Мен ыйлабайм, үмүт кылам дубадан,
Куран окуп, чын дилимден кубанам.
Бирге өстүргөн күндөрүмдү эстесем,
Төгөм көз жаш жүрөк ооруп МУҢАЙАМ.

## КУПУЯ СЫРЫМ

Жыйырма бир жаш курагың,
Мен он сегиз жаш убагым.
Боз жорго минип сен келсең,
Жолуңдан чыгам кубанып.

Тизгинден кармайм эңилип,
Түшөсүң аттан секирип.
Боз жоргону жетелеп ,
Кетчүбүз элден бекинип.

Чачтарым узун чубалып,
Катарлаш басам буралып.
Жоргону байлап туланга,
Шибер чөптөргө куладык.

Асманга карап үңдөйбүз,
Күнгө карап күлөбүз.
Ээй булуттар көрдүңбү,
Бир - бирибизди сүйөбүз.

Деп экөөбүз кыйкырып,
Көк чөптү жулуп ышкыртып.
Кубалашып ойноймбуз,
Кучакташып жыгылып .

Бактылуу күндө баш коштук,
Бирге иштейбиз окшошуп.
Суктанып бизди карашат.
Көптөрү менен достоштук.

Жаштыкты эстеп эскерип,
Жүрөккө келди серпилип.
Жазып койдум ырымды,
Ичтеги купуя сырымды.

**Алтынай Кожобекова,
Ош шаары.**